Долбоор

**Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаменти тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин бекитүү жөнүндө**

«Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 44-беренесине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» токтомуна, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 16-январындагы № 26 «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин иштеп чыгуу жана оптималдаштыруу тартиби жөнүндө» токтомуна жана Бишкек шаардык кеңешинин 2019-жылдын 3-апрелиндеги № 97 «Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмдүк, аймактык бөлүмдөрү жана ведомствого караштуу мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын кошумча тизмегин жана алардын стандарттарын бекитүү жөнүндө» токтомуна ылайык токтом кылам:

1. Төмөндөгүлөр бекитилсин:

- Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаменти тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттери 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9 - тиркемелерге ылайык.

2. Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаменти:

- ушул токтом менен бекитилген жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин жетекчиликке алышсын жана сакташсын;

- муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин маалыматтык стенддерге жана Бишкек шаарынын мэриясынын расмий сайтында жайгаштырсын;

- бекитилген муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттеринин сакталышы үчүн жетекчилердин жеке жоопкерчиликтери белгиленсин;

- ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

3. Ушул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестерине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

5. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Мэр Э.М. Абдыкадыров**